Инв. 891

Инв. 6.

М. СУЛМАНКУЛОВ МОЛДОБАСАН.

"М А Н А С"

Манастын Шоорук кан менен

урушуу жана АЛМАМБЕТТИН келиши.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
№ 89 70
611-754 л. 1979 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 691
5/I 47 г.
143 стр.

7/ 611.
№ 121
611 бет.

Коңулу жакын өз жары.
Эки ийнине карса,
Эки кыш конгондой,
Эки бетин карса,
Эки даңгыл тийгондой.
Анактан эсин караса,
Арсыңнөзү жолочунун,
Сүрөткө тарткан койгондой.
Кулактан көрү калкандай,
Колуна тийсе чала тоо,
Бала турган талкандай,
Жиригине караса,
Төккө чыккан чалкандай.
Кулагы калкан чоң чатыр,
Калмактан чыккан чоң баатыр,
Качырган чакты бу капыр.
Өзү кыдан, окуу сөз,
Өрүк жайы дагы бар,
Эч билгенин бербеген,
Бектик жайы дагы бар.
Булчуңу бука белиндей,
Балбандык жайы дагы бар,
Булкушканда соокойбой,
Алгандык жайы дагы бар,
Өлөрүн өзү билбеген,
Айбандык жайы дагы бар.
Арка жагын караса,
Ай жарылычу тилаадай,
Эки эмчектин балык эти,
Эки жашар тайнадай.
Төш жайыгын караса,
Бастоонун тоонун көрүчдөй,
Арсыңнөзү жолойдун,
Ачыккан көкжал бөрүчдөй.
Эки колдун караса,
Карк жайындагы терек чынардай
Кабыргасына караса,
Качырганын кут карсак,
Кара кашка тынардай.
Чоңдугу ноодой кан жасы,
Көктүчүн дөркүрап,
Жое берсе түчүн,
Кол ашыйыктай буркурап,
Ере киргенек кагаз өңгөчү,
Киргенсуудай куркурап,
Көзүнөн чыккан сыгаарап,
...й-жалын бошу чыркырап,
Кан жолой баатырсаты, деп,
Кустаным калмак айгайлап,
Кулактуну чуркурап.

Иштеген иштерин көрсөтүп
Урушу жана Ажыбектин
Решение.
ЭД

калмак кытай арасын
калкка салган чуулган
Түп атасы жолойдун
Кыш кемиңче туулган
Ажыдаардай айбаты
Арстандай кайраты
Ажыдаардай түрү бар
Арстандай сүрү бар
Туулган неран сурасаң
Кыш кемиңде туулган
Калмактан чыккан жолойдун
Бетсинге даңкы угулган
Бетиндин каны эсенкан
Бергей албай жолойго
Гандурман кечен кан
Алты мерген жиберип
Чакыртып алган эсенкан
Кан кайдан кыйын туулган
Калмакка салган чуулган
Кабары журтка угулган
Калмактан артык туулган
Жаан казандай башы бар
Жаткан иттей кашы бар
Оңурка чыккан жазы бар
Ойротту бузуу каркы бар
Бетиндеги кытайга
Даңкы чыккан каркы бар
Бегалган жооку жеңем деп
Эр жолойдун каркы бар
Душман келсе талкалап
Ала тоодой чалкалап
Ажалдан башын тартпаган
Азил жанын калкалап
Жамалга жаңжал салам деп
Эр жолойдун санаасы
Эки карыш төрт эли
Колдорунун арасы
Ак буудай сындуяты бар
Адам пенде жаңкса
Аламын деген каркы бар
Чоң жолойдун найзасы
Узунун карыс кез теңеген
Учуна болот эгеген
Жарагынын баарысы
Сенден айла болот деп
Кытай менен калмактын
Жаны менен карысы
Жабакгыштын барысы

Асылкандын баласы
Атын кайдан Ыймамбет
Болгон экен анында
Пайгамбарга чын үммөт
Ак сункардай сызды деп
Айтып ага жети мүшрик
Осмо динди бузду деп 13
Бүткүл баарын таштаган
Бурданза жинин чайкалап
Мусапаны табам деп
Медина коздой барам деп
Өткүрүп кетти кантебиз
Аламаштан жакыныз
Дүнүйө зарды сон бөлүп
Таштап кетти артына
Турна сындуу катынын
Кылбаганды кылды деп
Кырк күндөн бери кыталак
Кытайга кыргын салды деп
Элден шурун борошу
Жекеге чыкты чайкалап
Жеңеги менен ашону
Жүзүн жанчып талкалап
Андан чыкты Неекара
Неекара найза салганы
Сайышалбай Неекара
Атынан түшүп кулады
Балбансынган мыктылар
Нечендери сулады
Андан чыкты Кокурбай
Асылкандын жалгызы
Көрдүккү кылды ошондой
Кокурбай түшүү артына
Көп кытайдын баарысы
Куушу жүрдүк артына
Кууса жетпей артына
Алабыз деп ушуну
Түшүк кытай артына
Кокурбайды жалгызы
Беттеген тирүү калбады
Берүүне кытай чыккан жок
Айран калдык ушуга
Тең келалбас ушунча
Кытайдын кыйран болганы
Жанында жалгыз киши жок
Жалгыз ат менен өзү эсеп
Бир карасак Алмамбет
Кырк миң киши көрүнөт
Бир карасак Алмамбет
Өзү жалгыз болунот
Мунарыңкы чаң болду
Мына ушундай жаң болду

Эскара менен Кошубай
Жолойго айтат бир далаа
Сенден айла болбосо
Амалыбыз кетти деп
Беттейкен жүгүн балбандар
Алсамы мындан жеткидан
Ушундай балбан болобу
Тирүү кайсок жогу
Эскака менен Кошубай
Соң Жолойго айтады
Көзүнүн жашын тыйтады
Сарсон болгон соң Жолой
Баатыр экең шер экең
Баарыбыздан эр экең
Саа кабар салдык деп
Сенден айла болбосо
Амал кетип калдык деп
Барамын деп соң Жолой
Атына минди камданып
Ала тоодай салмданып
Соңдуруна карасаң
Адамдын бакыраткангалып
Кылычын кынбайланып
Жолойдон айла болот деп
Кытайдын баары тоңгачып
Мылтыгын алындыратты
Асыл канды урмоттон
Жарагын алды колуна
Жоосун салды мойнуна
Ок эки батман чокморун
Көтөрүп алды колуна
Сарайналуу сейилгди
Көкүрөккө кармады
Сарадай көк-көк темирди
Беш кабаттай темирди
Белине байлап эр Жолой
Белдемчини сейилди
Ойлонгон жоок теңирди
Туулга салды башына
Белдемчи байлап белине
Берен болгон эрине
Көк-көк темир кийгени
Ач буудан болду мингени
Табышкентир буттуна
Таалынентир кутуна
Ылат-манат ирине
Тамынынтир шайтанга
Ала-тоодай бою бар
Асылкандын жалгызы
Ала тоодай соң Жолой
Аманын деген ою бар
Жолой менен Акманбет